«БЕКИТЕМИН»
Академик М.М.Адышев атындагы
Ош технологиялык университетинин
илим жана инновациялар боюнча
проректору, айыл чарба илимдеринин
доктору, профессор Шамшиев Б.Н.

«__» ______ 2022-ж.

**Изденүүчү Камчибекова Саипжамал Молдошовна 22.00.04. - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө» темасында даярдалган социологиялык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына карата жетектөөчү мекеменин**

# ПИКИРИ

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу жана анын илимий, жалпы мамлекеттик программалар (практиканын жана илимдин, техниканын өнүгүү таламдары) менен байланышы.**

Изденүүчү Камчибекова Саипжамал Молдошовна 22.00.04. социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө» темасында даярдалган социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтымышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу 23.00.02 - «саясий институттар, процесстер жана технология» жана 22.00.04 – «социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер”адистиги Көп улуттуу Совет өлкөсүнүн кыйрашы менен жана XXI кылымдын негизги чакырыгы болгон ааламдашуу процесси советтик иденттүүлүк менен бириккен ар бир улут үчүн өзүнүн этностук, жарандык, социомаданий ж.б. иденттүүлүктөрүн аныктоо зарылдыгын пайда кылды. Постсоветтик мейкиндикте жаңыдан пайда болгон ар бир өлкө жарандык иденттүүлүктүн өзөгүн түзгөн өзүнүн улуттук тилин, маданиятын, каада-салтын сактап калуу багытында изденип, мамлекеттик жана жарандык коом деңгээлдеринде тиешелүү иш-аракеттерди, окумуштуулар илимий изилдөөлөрдү жасап жатышат.

Азаттыкта жашоо жана ааламдашуу процесстери адамдардын турмуштагы пайдубалдык баалуулуктарынын, максаттарынын жана бүтүндөй жашоо образынын трансформацияланышына алып келди. Мындай коомдун өнүгүү багытынын өзгөрүшү, өз кезегинде, анда “эски” жана

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А. АЛТЫМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ ЖАНА Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНЕ КАРАШТУУ ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 23.20.611
КИРИШ № DK-138-20
« 16 » 03 2022 ж

“жаңы” түшүнүктөрүнүн карама-каршылыгын курчутту. Иденттүүлүктө да советтик иденттүүлүк эски катары жоюлуп, “Кыргыз жараны” иденттүүлүгү жаңы катары калыптана баштады.

Өлкөбүздүн ушул түрдүү тарыхый окуяларга бай өнүгүү жолунда таасири мамлекеттин өнүгүү векторун ондогон жылдарга аныктоочу, позитивдик жана негативдик мүнөздөгү, терең социалдык-саясий, экономикалык, маданий процесстер жүрдү. Ошолордун бири иденттүүлүк маселеси менен байланышта, б.а. калыптануу процесси аяктай элек жарандык, улуттук ж.б. иденттүүлүктөр улуу жана жаш муундун ортосунда иденттүүлүк түшүндүктөрүндө муундар аралык айырмачылыктар. Жогоруда белгиленгендей, азыркы учурда совет доорунда күчтүү коммунисттик идеология, жогорку деңгээлге турган эски “советтик иденттүүлүк” бүгүнкү күндө өз күчүн жоготуп, “идеологиялык вакуум” пайда болду. Мындай кабыл алынган бирдиктүү улуттук идеологиянын жоктугунан калкта, айрыкча жаштардын арасында, түрдүү иденттүүлүктөр калыптанууда. Анткени, идеологиялык боштукту ааламдашуу процессинин таасири менен кирген, элдин табиятына жат батыштык, диний жана башка түрдүү көз караштар толтурууда. Бул абал этникалык чөйрөдө мамлекеттик саясаттын эффективдүүлүгүн жогорулатуу жана элдин биримдигин бекемдөө максатында 2020-жылдын ноябрь айында жаңы расмий документтин – КРда 2021-2026 жылдарда “Кыргыз жараны” жарандык иденттүүлүгүн өнүктүрүү концепциясынын кабыл алынышына алып келди.

Иденттүүлүк түшүнүгү 1960-жылдаран тартып илимий чөйрөдө теориялык жактан жигердүү изилденип баштаган. Ааламдашуу шартында бул маселе кайрадан теориялык жана эмпирикалык жактан актуалдуулугу жогорулады. Иденттүүлүк маселеси дүйнө окумуштуулары ар тараптуу изилдегенине карабастан кыргыз коомунда жарандык иденттүүлүктүн азыркы учурга чейин жетиштүү деңгээлде иликтенбеген, айрыкча, этностук кесилиште салыштырып талданган эмес. Кыргызстандын тургундарынын жарандык иденттүүлүк түшүнүгү, иденттешүүсү эски советтик иденттүүлүктөн өзгөрүп, жаңыдан “Кыргыз жараны” иденттүүлүгүнүн калыптанышы; ага таасир кылган факторлор жана шарттар, азыркы калыптанган ортолуктагы иденттүүлүк натыйжалары илимий негизде талданып, изилдениш керек. Жарандык иденттүүлүктүн көрсөткүчтөрү катары мекенчилдиктин, мамлекеттик тилдин, диндин ж.б. бүгүнкү күндөгү биздин коомубуздагы абалын аныктоо чоң мааниге ээ.

Кыргыз коомунун жарандык иденттүүлүк маселеси, анын калыптанышы, абалы жана келечеги этностук кесилиште алгачкы ирет комплекстүү каралып, терең изилденип жатышы, ошондой эле коомдогу мекенчилдик, улуттук, жарандык, тилдик, диний иденттүүлүктөр маселелеринин чечмелениши каралып жаткан теманын актуалдуулугун көрсөтөт. Иденттүүлүктүн деңгээли Кыргызстан сыяктуу полиэтникалык мамлекет үчүн өлкө биримдиги жана мамлекеттүүлүктү сактоо маселелери менен тыгыз байланыштуу.

Диссертациялык иш автордун демилгелик изилдөө иши. Бирок, илимий изилдөө ишинин натыйжаларын, илимий-практикалык тыянактарын жана коргоого алып чыгып жаткан жоболорун Кыргыз Республикасынын кайрадан иштелип жаткан улуттук өнүгүү, өнүктүрүү программаларын, стратегияларын, концепцияларын ж.б. документтерди иштеп чыгууда пайдалануу мүмкүн. Ошондой эле, "2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясын" жана "Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдарга мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүүнүн программасын" ишке ашыруу, аларга мониторинг жүргүзүү менен тыгыз байланышта.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, изденүүчү тарабынан жүргүзүлүп жаткан илимий изилдөөлөр жарандык иденттиктин коомдогу ордун аныктоо алкагында Кыргызстандагы иденттүүлүктүн абалын, өнүгүшүнүн негизги багыттарын жана келечегин изилдөө үчүн абдан актуалдуу жана өз убагында болгондугу айкын.

**2. Диссертацияга коюлган талаптардын чегиндеги илимий жыйынтыктары.**

Изденүүчү Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын 22.00.04. - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө» темасында даярдалган социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясынын жыйынтыктары.

1. Иденттүүлүк жана иденттешүү түшүнүктөрү негизинен социалдык билимдерден төрт илимдин - психология, философия, социология жана антропология илимдеринин алкагында каралган. Алар адам баласын изилдөөдө ар башка багыттан карагандыктан: философияда, психологияда, социологияда жана антропологияда **иденттүүлүк** түшүнүгү ар түрдүү чечмеленген. Ошол эле учурда, бир илимдин чегиндеги ар кайсы теориялык концепцияларда иденттүүлүктүн мааниси бирдей эмес. Бул социалдык билимдерде жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын салыштырууда айкын болду. Иденттүүлүк боюнча билимдерди жалпылоодо мындай көп түрдүүлүк кыйынчылыктарды туудурат.

2. Чет элдик атайын адабияттарды талдоо көрсөткөндөй, иденттүүлүк түшүнүгүн XX кылымдын башында психологдор иликтеп башташкан. 1950-жылдардын соңунда бул категория социологдордун жана антропологдордун кызыгуусу артып, 1960-жылдардан тартып илимий чөйрөдө теориялык жактан жигердүү изилденип баштаган. 1970-1980-жылдары Э.Эриксондун эмгектери иденттүүлүктү илимдер аралык билим категориясы макамына көтөргөн жана ал жарандык иденттүүлүк маселесин да алып чыккан. Батыш социологдору жарандык иденттүүлүк маселесин символикалык интеракционизм, түзүлүштүк-функционалдык, социалдашуу, феноменология, ролдук жана референттик топтор теорияларынын алкагында изилдешкен.

Иденттүүлүк маселеси дүйнө окумуштууларынын илимий эмгектеринде ар тараптуу изилдегендигине карабастан, кыргыз коомундагы азыркыга чейин жетиштүү иликтене элек. Кыргызстандык окумуштуулар иденттүүлүк маселесине азаттык мезгилинде кайрылышкан. Алар социалдык, диний, этностук, кесиптик, үй-бүлөлүк, саясий, маданий, тарыхый, демографиялык-топтук иденттүүлүктөрдү талдашкан. Жарандык идентүүлүктү өз алдынча изилдөө предмети катары бөлүп каралбай, жетиштүү деңгээлде иликтенбеген, ал этностук кесилиште салыштыруу менен таптакыр талданган эмес.

3. Иденттүүлүк жана анын тиби, адамдын жарандык иденттүүлүгүн иликтеген окумуштуулардын концепцияларын талдоо аны түзгөн жана муундан-муунга өткөрүп берүүчү компоненттерин ажыратууга мүмкүндүк берди. Жарандык иденттүүлүк түшүнүгү адамда туруктуу компоненттерде жашайт жана алар аркылуу кийинки муундарга өткөрүлүп берилет. Аларды аныктоодо окумуштуулар түрдүү аталыштарды (“константалар топтому”, «дүйнөгө болгон көз караштык универсалдары» ж.б.) колдонушкан. Бул өзөктүк мүнөздөгү жарандык иденттикти түзүүчүлөр анын деңгээлдерине жараша аныктала тургандыгын көрсөттү. “Ааламдык жарандыкты” калыптандырган компонеттер универсалдуу мүнөздө болуп, жалпы адамзаттык баалуулуктарга, идеалдарга, нормаларга негизделген. Бизди кызыктырган, диссертациянын изилдөө предмети болгон жарандык иденттүүлүк улуттук деңгээлинде адам ааламдык баалуулуктардан айырмаланган өзүнүн этностук, улуттук баалуулуктар тутумуна: өзүнүн этностук тегине гана тиешелүү сапаттарга (баатырдык, тайманбастык), символдорго (калпак, түндүк), баалуулуктарга (мекенчилдик, эл-жерин сүйүү) негизделип, мамлекеттин тургуну катары өзүнүн өлкөсүнө жарандык таандыгын аң сезимдүү түрдө кабыл алышын камсыз кылат. Иденттүүлүктүн топтук жана жеке деңгээлдеринде инсан өзүнүн таандыгын кабыл алган топтордун жана өздөштүргөн өздүк баалуулуктар тутмундагы жарандык таандыгын бекемдөөчү негиздер анын жарандык иденттик түшүнүгүн түзөт. Ушул жарандык иденттикти алып жүрүүчү, анын муундан-муунга өтүүчүлүгүн камсыз кылуучу компонеттери катары улуттун тили, саясий жана диний баалуулуктары, мекенчилдик салты негизги кызматтарды аткарышат. Алар Кыргызстан эгемендүүлүккө жеткенден кийин актуалдашып, алдыңкы орунга чыгып, жумурай журтту түйшөлткөн көйгөйгө айланды. Анткени иденттик, жарандык иденттүүлүк мамлекеттин туруктуулугу, коопсуздугу менен байланышкан маселе болгондуктан ага коом таануучу окумуштуулардын да көңүлүн бурду. Азаттык учурунда кыргыз коомундагы жарандык иденттиктин калыптанышы оор жүрүп, кыйынчылыктар, чечилбеген көйгөйлөр менен коштолууда. Жарандык иденттүүлүктүн кыргыз коомдундагы азыркы абалы жергиликтүү, уруулук, этностук иденттүүлүктөрдөн туруктуу үстөмдүк кылган абалга жете элек.

4. Ааламдашуу шартында коомдогу кыргызстандыктардын жарандык идентүүлүгүндөгү этностук өңүттөрүн талдоо анда туруктуу жашаган этникалык топтордун маанайы, өзүн сезиши (самочувствие) боюнча

көйгөйлүү маселелер айкындалды. Өздүк изилдөөнүн материалдарын талдоо Кыргызстандын калкынын курамындагы түрдүү этникалык топтордун жарандык идентттүүлүк жана иденттешүү деңгээли ар түрдүү экендигин көрсөттү. Анын себептеринин бири тил маселеси, тагыраак айтканда мамлекеттик тилди билүү деңгээли деп түшүндүрүүгө болот. Анткени, тажик тили (фарси), орус тили (славян) кыргыз, өзбек тилдери сыяктуу түрк тилинин тобуна кирбейт жана бул фактор алардын кыргыздар (өзбектер) менен баарлашуусунда терс таасирин тийгизип турат.

Респонденттердин этностук таандыгы Кыргызстанды мекени катары эсептешине жана өзүнүн жарандыгына канааттанышына түздөн-түз таасир тийгизишин анык болду. Анткени, бул боюнча суроолордо Кыргызстандагы титулдук эмес этникалык топтордун өкүлдөрү 15-20%дан 35-40% чейин айырмаланган позицияларды белгилешкен. Бирдиктүү жарандык коомду калыптандырууда жана түрдүү этникалык топтордун жарандык иденттешүүсүн калыптандыруу багытында иш-чараларды пландоодо, бул процесстердин жигердүү агенттери болгон, социалдык институттардын да түрдүү этностук топторго таасири ар башка экендигин эске алуу зарыл. Жалпысынан, азаттык жылдарында өлкөбүздүн жарандарынын түрдүү этностук жамааттарынын баары эле Кыргыз Республикасынын бирдиктүү элинин бөлүгү катары өздөрүн аңдап жете электиги изилдөөнүн натыйжалары көрсөттү.

5. Кыргыз коомундагы жарандык иденттүүлүктүн абалынын келечекте өзгөрүү багыттарын иликтөө төмөндөгүдөй жыйынтыктарга алып келди: XXI кылым эл аралык, социомаданий байланыштардын күчөшү менен мүнөздөлөт. Батыш маданиятында пайда болгон, адам укугу баалуулугуна жамынган, адамдын жаратылышына тескери кээ бир “баалуулуктардын” универсалдык мүнөздөгү жалпы адамзаттык баалуулуктарга, анын ичинде, кылым карыткан кыргыз улуттук маданиятына терс таасирин тийгизүүдө. Мындай шартта улуу муун улуттук баалуулуктарды түзүү, аларды сактап калуу аракетинде, жаштарда дүйнөлүк баалуулуктарга умтулуу тенденциялары уланып жатат. Жаңы иденттүүлүк көз караштардын пайда болушу салттык жарандык иденттүүлүк баалуулуктарын коомдон сүрүп чыгарышы мүмкүн. Анткени, улуттук иденттүүлүк көз караштарынын өкүлдөрүнүн жоголушу, калыптанып келе жаткан иденттүүлүктү тутунган, ааламдашуу шартына ыңгайлашкан муундун түптөлүшүнө алып келет. Мындай абал мамлекеттин келечегине кайдыгер, мекенчилдик түшүнүгү бошоң, улуттук маданиятка суугарылбаган, көкүрөгү бош муунду калыптандырат. Ошондуктан ааламдашуу жаңы мүмкүнчүлүктөр менен кошо, жаңы коркунучтарды алып келүүдө. Ааламдашуу процесси коомдун ааламдык жана жергиликтүү баалуулуктарын, социалдык жана маданий иденттүүлүктөрүн, улуттук жана интернационалдык багыттарын аныктаганга бир жагынан шарт түзсө, экинчи жагынан дүйнөнүн кабылдоодо универсалдык иденттүүлүк, универсалдык баалуулук көз карашын калыптандыруу аракетинде иштеп жатат.

Демек, кыргыз коомунда тил, каада-салт, символдук тарыхый эстеликтер, мекенчилдик сыяктуу жарандык идентиктин компоненттерде кээ бир кризистик абалдар байкалууда. Жарандык иденттүүлүктөгү мындай абалдан чыгууга белгилүү мезгил, бул багытта социалдык институттардын максаттуу иш-аракеттери талап кылынаары айдан ачык.

6. Кыргыз коомунун жарандык иденттүүлүгү – мамлекеттин идеологиясынын түпкү негизи. Ал учурда кыргыз коомунда жаңыдан гана калыптанып келе жаткан абалда. Кыргыз жараны идентигин калыптандыруу багытындагы изилдөөнүн материалдарына таянган жогорку корутундулардын негизинде этностук таандыгына карабай атуулдарда жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу, бекемдөө жаатындагы диссертациялык изилдөөнүн алкагында тажрыйбалык сунуштар иштелип чыккан.

Диссертацияда анын илимий жаңылыгын мүнөздөгөн натыйжалар берилген. Атап айтканда, коомдогу жарандык идентиктин учурдагы абалы жана тенденциялары аныкталган. Изилдөөнүн негизги жоболору жана тыянактары жарандык идентиктин азыркы учурдагы кырдаал жана шарттарга ылайык изилдөөсү менен байланышып, аны тереңирээк түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет жана алынган натыйжалар тийиштүү артыкчылыктуу теориялык же колдонмо көйгөйдү чечүү жолу катары квалификацияланат.

**1-жыйынтык**. Иденттүүлүк жана идентешүү түшүнүктөрү негизинен социалдык билимдерден психология, философия, социология жана антропология илимдеринин алкагында каралып, ар түрдүү чечмеленген. Бир илимдин чегиндеги ар кайсы теориялык концепцияларда да иденттүүлүктүн мааниси бирдей эмес. Бул каралып жаткан түшүнүктүн татаалдыгын, көп кырдуулугун айгинелеп турат.

**2-жыйынтык**. Психологдор иденттүүлүк түшүнүгүн XX кылымдын башында иликтеп башташкан, кийин социологдор, антропологдор жигердүү изилдеп башташкан. 1970-жылдардан иденттүүлүк илимдер аралык категорияга айланып, жарандык иденттүүлүк маселеси көтөрүлгөн. Батыш социологдору жарандык иденттүүлүк маселесин түзүлүштүк-кызматтык, символикалык интеракционизм, ролдук жана референттик топтор, социалдашуу, феноменология теорияларынын алкагында карашкан. Кыргызстандык окумуштуулар иденттүүлүктүн диний, социалдык, этностук, кесиптик, үй-бүлөлүк, маданий, демографиялык-топтук ж.б. түрлөрүн изилдешкен. Жарандык идентүүлүк өз алдынча изилдөө предмети катары бөлүп каралбай, жетиштүү деңгээлде иликтенбеген, ал этностук кесилиште салыштырылып таптакыр талданган эмес.

**3-жыйынтык**. Жарандык иденттүүлүк түшүнүгү адамда туруктуу компоненттерде жашап, алар аркылуу муундан муунга өткөрүлүп берилет. "Ааламдык жарандыктын" компонеттери универсалдуу мүнөздө болуп, жалпы адамзаттык баалуулуктарга, идеалдарга, нормаларга негизделген, жарандык иденттүүлүк этностук, улуттук баалуулуктар тутумуна негизделип, мамлекеттин тургуну катары жарандык таандыгын аң сезимдүү түрдө кабыл алышын камсыз кылат. Азаттык учурунда кыргыз коомундагы жарандык

идентиктин калыптанышы тоскоолдуктар менен коштолуп оор жүрүп, ал аймактык, уруулук, этностук иденттүүлүктөрдөн туруктуу үстөмдүк абалга жете элек.

**4-жыйынтык**. Эмпирикалык изилдөөнүн материалдарын талдоо Кыргызстандын калкынын этностук топторунун жарандык иденттүүлүк жана иденттешүү деңгээли ар түрдүү экендигин, респонденттердин этностук таандыгы Кыргызстанды өз мекени катары сезишине жана өзүнүн жарандыгына канааттанышы менен түздөн-түз байланышта экендиги көрсөттү. Титулдук эмес этностук топтордун өкүлдөрү 15-20%дан 35-40% чейин айырмаланган позицияларды белгилешкен. Бирдиктүү жарандык коомду калыптандыруу, түрдүү этностук топтордун жарандык иденттешүүсүн калыптандыруу багытында иш-чараларды пландоодо этностук топторго социалдык институттардын таасири ар башка экендигин эске алуу зарыл. Өлкөбүздүн түрдүү этностук жамааттары өздөрүн бирдиктүү жарандык улут катары аңдап жете электиги изилдөөнүн натыйжаларынан айкын болду.

**5-жыйынтык**. Ааламдашуу жаңы мүмкүнчүлүктөр менен кошо, жаңы коркунучтарды алып келүүдө. Эл аралык, социомаданий байланыштар күчөгөн ааламдашуу шартында батыш маданиятынын адам укугу баалуулугун жамынган, адамдын жаратылышына тескери “баалуулуктары” универсалдык мүнөздөгү жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарга терс таасирин тийгизүүдө. Жаштарда дүйнөлүк баалуулуктарга умтулуу тенденциялары уланып жатат. Мындай жаңы иденттүүлүк көз караштардын пайда болушу салттык жарандык иденттүүлүк баалуулуктарын коомдон сүрүп чыгарышы мүмкүн. Анткени, псевдо баалуулуктардын туткунундагы калган муундун түптөлүшү мамлекеттин келечегине кайдыгер, улуттук маданиятка сугарылбаган көкүрөгү бош, мекенчилдик түшүнүгү бошоң муунду калыптандыруу менен кооптуу.

**6-жыйынтык**. Кыргыз коомунун жарандык иденттүүлүгү – мамлекеттин идеологиясынын түпкү негизи. Ал кыргыз коомунда жаңыдан калыптанып келе жаткан абалда. Кыргыз жарандык иденттүүлүк багытындагы изилдөөнүн материалдарына таянган жогорку корутундулардын негизинде этностук таандыгына карабай атуулдарда жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу, бекемдөө жаатындагы диссертациялык изилдөөнүн алкагында тажрыйбалык сунуштар иштелип чыккан.

**3. Изденүүчүнүн диссертациядагы ар бир илимий натыйжалардын (илимий жоболордун), жыйынтыктардын жана корутундулардын негиздүүлүк деңгээли.**

Диссертант тарабынан алынган натыйжалар мазмунунун ички биримдиги, материалды сунуштоонун логикалык ырааттуулугу жана илимий иштин бөлүмдөрүнүн өз ара байланышы менен мүнөздөлөт. Жалпысынан, автор заманбап коомдогу жарандык идентикке арналган маселелер боюнча

мамлекеттин социалдык-маданий мурастар боюнча саясатынын маселелерин изилдөөдө ар тараптуу жана тутумдуу изилдөө жүргүзүүгө жетишкен.

С.М.Камчибекованын изилдөөсүндө алынган натыйжалары диссертациянын бөлүмдөрүнүн негизги мазмунун чагылдырат жана процессте иденттүүлүк тутумун изилдөө чөйрөсүндө теориялык жана методологиялык негиз менен камсыздалган ишенимдүүлүгү менен мүнөздөлөт.

Изилдөөлөрдүн жүрүшүндө илимий таануу методикасы, автордун социологиялык изилдөөлөрүндө колдонулган, көрсөтүлгөн көйгөйлөргө байланыштуу көптөгөн илимий адабияттар, расмий документтер жана башка булактар колдонулган.

Диссертацияда баяндалган жоболордун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү ааламдашуу шартында кыргызстандыктардын жарандык иденттүүлүгүн көрсөткөн факторлор, алардын мамлекеттүүлүктү бекемдөө, калктын биримдигин камсыздоо жана Кыргызстандын келечеги үчүн маанилүүлүгү жана керектүүлүгү кеңири изилдөөгө алынгандыгы менен аныкталат жана ар кандай изилдөө методдорун колдонуунун жетиштүү деңгээли шек туудурбайт.

Диссертацияда жаңы илимий натыйжаларды негиздеген, анын ишенимдүүлүгү социология илиминин өнүгүшү үчүн белгилүү бир мааниге ээ. Колдонулган методдор менен корутундуларды, илимий жоболорду негиздөө болгон.

**4. Изденүүчүнүн диссертациядагы ар бир илимий натыйжалардын (илимий жоболордун), жыйынтыктардын жана корутундулардын жаңылык деңгээли.**

Диссертант ата мекендик социологиялык илимдердин деңгээлинде биринчи жолу Кыргызстанда жашаган негизги этностордун кыргыз жараны иденттүүлүгүнүн маани-маңызы, анын этностук, социалдык-демографиялык топтордогу айырмачылыктары, өзгөрүү тенденциялары, себептери, натыйжалары, ошондой эле кыргызстандыктардын мекенге, мекенчилдикке болгон көз карашынын багыты ар тараптуу талдоо жүргүзгөн. Жаңы статус менен төмөнкү натыйжалар алынган:

**1-жыйынтык**. Жаңы, анткени иденттүүлүк жана иденттешүү түшүнүктөрү социалдык билимдерден психология, философия, социология жана антропология илимдеринин алкагында салыштырылып каралып, ар бир илимдин чегиндеги түрдүү теориялык концепцияларда ары татаал, ары көп кырдуу иденттүүлүк жогорку илимий деңгээлде ар тараптан чечмеленген.

**2-жыйынтык**. Жаңы, анткени Кыргызстандык окумуштуулар иденттүүлүктүн диний, социалдык, кесиптик, үй-бүлөлүк, маданий, демографиялык-топтук ж.б. түрлөрүн изилдешкендигине карабастан, жарандык идентүүлүк өз алдынча изилдөө предмети жетиштүү деңгээлде иликтенбеген жана ал этностук кесилиште салыштырылып биринчи жолу талданган.

**3-жыйынтык**. Жаңы, анткени азаттык учурунда кыргыз коомундагы жарандык иденттиктин калыптанышы, анын жүрүшүндөгү тоскоолдуктар

талданып, анын аймактык, уруулук, этностук иденттүүлүктөрдөн туруктуу үстөмдүк абалга жете электиги аныкталган.

**4-жыйынтык**. Жаңы анткени Кыргызстандын калкынын этностук топторунун жарандык иденттүүлүк жана иденттешүү деңгээли ар түрдүү экендиги, өлкөбүздүн түрдүү этностук жамааттары өздөрүн бирдиктүү жарандык улут катары андап жете электиги эмпирикалык изилдөөнүн материалдарын негизинде айкын болгон.

**5-жыйынтык**. Жаңы, анткени ааламдашуу шартындагы жаштарда дүйнөлүк баалуулуктарга умтулушу аркылуу салттык жарандык иденттүүлүк баалуулуктарынын коомдон сүрүлүп чыгарылуу коркунучу изилденип, псевдо баалуулуктардын туткунундагы калган муундун түптөлүшү мамлекеттин келечегине кайдыгер, улуттук маданиятка сугарылбаган көкүрөгү бош, мекенчилдик түшүнүгү бошоң муундун калыптанышы менен кооптуулугу каралган.

**6-жыйынтык**. Жаңы, анткени жарандык иденттүүлүк багытындагы изилдөөнүн материалдарына таянган жогорку корутундулардын негизинде этностук таандыгына карабай атуулдарда жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу, бекемдөө жаатындагы тажрыйбалык сунуштар иштелип чыккан.

**5. Актуалдуу маселелерди, теориялык жана прикладдык тапшырмаларды чечүү үчүн алынган жыйынтыктардын ички бүтүндүгүн жана багыттуулугун баалоо.**

Диссертациялык изилдөө белгилүү бир логикалык ырааттуулукка ээ. Изилдөөнүн ички биримдиги максатты ар тараптуу аныктоо жана изилдөөнүн негизги милдеттерин түзүү менен камсыздалат.

Диссертация киришүүдөн, тогуз бөлүктү камтыган үч баптан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Диссертациялык ишти жаңы жыйынтык катары мүнөздөсө болот, анын корутундулары социологиянын ушул багыттагы жалпы теориялык принциптерин байытып, толуктап турат.

Практикада жүзөгө ашыруу үчүн, Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын "Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө" деген темада диссертациялык ишин колдонуу сунуш кылынат. Кыргыз коомчулугу үчүн актуалдуу жана практикалык жактан кызыктуу жана маанилүү. Анткени ааламдашуу шартында биздин өлкөдө жарандык иденттиктин, жарандык улуттун калыптанышынын мааниси өтө жогору.

Илимий - изилдөө ишинин жүрүшүндө диссертант жарандык иденттүүлүктүн учурдагы абалы жана көйгөйлөрү жөнүндө керектүү маалыматтарды жана негизги изилдөөлөрдүн натыйжаларын, ошондой эле аларды ааламдашуунун таасири астында өзгөрүп жаткан коомдун талаптарынын алкагында Кыргызстанда жарандык улутту калыптандыруу ишинин келечекте ишке ашыруунун иш-чаралары, социалдык технологиялары жана механизмдери аныкталды. Диссертант сунуш кылган

корутундулар жана практикалык сунуштар Кыргыз Республикасында натыйжалуу жарандык иденттештирүү саясатын курууда жана пландаштырууда колдонулушу мүмкүн.

**6. Алынган натыйжалардын тийиштүү актуалдуу маселени, теориялык жана колдонмо маселени чечүүгө багытталышы.**

Диссертацияда бир катар жаңы илимий жыйынтыктар жана жоболор, корутундулар жана практикалык сунуштар камтылып, ички биримдикке ээ, бул диссертанттын социологияга кошкон жеке салымын көрсөтөт.

Диссертациянын натыйжалары изилдөөдөн алынган натыйжалар, иштелип чыккан илимий жоболор жарандык иденттүүлүккө арналган маселелер боюнча атуулдук иденттештирүү саясатынын маселелерин иштеп чыгууга, жарандык улутту калыптандыруу ишин мындан ары алып барууга, социалдык-психологиялык, методикалык материалдарды түзүүгө көмөк берет. Изилдөөнүн материалдарынын негизинде окуу куралдарды, дарстарды, практикалык сабактарды даярдоодо, жогорку окуу жайдын окутуучуларын кайрадан даярдоо курстарында маалымат катары колдонуга болот. Социологиялык изилдөө маалыматтары билим берүүнү мекенчилдик маселеси боюнча илимий изилдөөлөрдө келечекте колдонулат. Изилдөөнүн натыйжалары жана сунуштары мамлекеттик жана мамлекеттик эмес мекемелердин ишин оптималдаштыруу үчүн колдонууга болот.

Ошондой эле келечекте жарандык иденттүүлүк тармагындагы маселелер боюнча мамлекеттик деңгээлдеги суроолорду иштеп чыгууда, иденттештирүү ишиндеги методикалык материалдарды түзүүгө көмөк берет.

Өкмөттүк жана өкмөттүк эмес уюмдардын ишин оптималдаштырууда, коомдун мекенчилдик баалуулугун жогорулатууда жана жарандык иденттештирүүдө изилдөөнүн жыйынтыктары жана иштелип чыккан сунуштары өлкө боюнча колдонууга мүмкүнчүлүк бере алат.

**7. Диссертациянын негизги жоболорунун, натыйжаларынын жана жыйынтыктарынын, жарыялануусун ырастоо.**

Диссертациянын изилдөө ишинин жыйынтыгы коргоого алып чыгып жаткан жоболор менен изденүүчүэл аралык жана республикалык деңгээлдеги илимий конференцияларда чыгып сүйлөгөн:»Сулайман-Тоо – символ мира и согласия» (Ош ш., 1-3-октябрь, 2014); Эл аралык илимий-практикалык конференция “Коомдун социалдык биримдиги өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн платформасы катары”«(Бишкек, К. Карасаева атындагы БГУ, 23-24-апрель 2015-жыл); IV Евразия коомдук илимдер форуму (Бишкек ш., 21-22-апрель, 2016); Сибирский социологический форум (с международным участием)»Социальные практики и управление: проблемное поле социологии» (Новосибирск, НГУЭУ, 24 ноября 2017 года); Кыргызстан социологдорунун VIII республикалык конгресси “Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүү жолу жана социология” (Ысык-Көл облусу, Бостери а., 19-август 2017-ж.); Эл аралык Борбордук Азия симпозиуму “Миграция, Жакырчылык жана иденттүүлүк” (Бишкек, 17-20 Апрель 2018 - жыл) ж.б.

Диссертациянын мазмуну жана илимий жыйынтыктар бир катар эл аралык жана республикалык илимий - практикалык конференцияларда, илимий жыйнактарда апробацияланган. Илимий иш боюнча автордук 12 илимий макаласы, анын ичинен 4 чет өлкөдөн жарыяланган.

Жарык көргөн эмгектер диссертациянын мазмунуна төп келет жана КР ЖАК койгон талаптарга жооп берет.

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.** С.М.Камчибекованын берген автореферати диссертациянын мазмунуна туура келет, ошондой эле негизги жоболорду, корутундуларды жана практикалык сунуштарды чагылдырат. Авторефератта үч тилде аналогиялык кыскача резюме келтирилген.

**9. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**

Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын диссертациялык изилдөөсүнүн натыйжаларын, иштин актуалдуулугун жана маанилүүлүгүн оң баалоо менен, айрым кемчиликтерди жана сунуштарды белгилеп кетүү керек.

1. Өткөрүлгөн социологиялык изилдөөлөрдүн мезгили, аймактары боюнча кененирээк маалымат берилген эмес.

2. Мамлекеттик идеологияга байланышкан программаларды ишке ашыруунун натыйжалуулугуна жарандык иденттиктин этностук айырмачылыктардын таасири изилденсе иштин мазмуна оң таасир бермек.

3. Диссертациялык иштин техникалык жана стилистикалык жасалгаланышына көңүл буруу керек.

4. Бул диссертациялык ишти илимий иш боюнча калтырбастан жогорку кесиптик окуу жайларына жана окуу процесстеринде маалымат катарында сунуштаса болот.

Жалпысынан диссертациялык изилдөө актуалдуу, коюлган талаптарга жооп берет. Диссертант тарабынан жогорку баага татыктуу, көлөмдүү жумуш аткарылган.

**10. Диссертациянын “Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун” талаптарына туура келиши.**

Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын 22.00.04. - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө» темасында даярдалган социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын Кыргыз Республикасынын УАКнын “Илимий даражаны берүү тартиби жөнүндө жобосунун" талаптарына жооп берген илимий эмгек.

Изденүүчүнүн диссертациялык ишинде социологиялык илимдин өнүгүшүнө белгилүү бир салымын кошо алган жаңы илимий жыйынтыктар жана жоболор камтылган, ошондуктан Камчибекова Саипжамал Молдошовнага 22.00.04. - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу.

Жетектөөчү уюмдун пикири М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин Коомдук илимдер кафедрасынын кеңейтилген жыйынынын 2022-жылдын 11-мартында №6-токтомунун негизинде талкууланган.

**Отурумдун төрайымы,**
**М.М. Адышев атындагы**
**Ош технологиялык университетинин**
**Коомдук илимдер кафедрасынын**
**башчысы, тарых илимдеринин**
**кандидаты, доцент:** **Бекмурзаева Г.К.**

**Отурумдун катчысы:** **Курбанова А. А.**

ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ
КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы
Алиева Алтынай Камаловна
«14» 03 2022-ж.